**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**6-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Турист түнөп кетүү үчүн боз үйлөрдүн шаарчасына келип токтоду. Эки боз үйдүн бирөөсүндө калууну чечти.

Турист эки боз үйдүн кайсынысына түнөсө, бир порция «Бешбармак», 1даана курут жана 2 жолу 0,5 л ден кымыз үчүн эң аз суммадагы акчаны төлөйт?

*Туура жоопту тандагыла:*

- ☐ Биринчи боз үйдө
- ☐ Экинчи боз үйдө

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Боз үйлөр шаарчалары**

Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал–турак жайы. Азыркы учурда Ысык-Көлдө боз үйлөр шаарачасы бар, ал жакка туристтер келип эс алышат.



| Биринчи боз үй | |
|---|---|
| Бир түнгө | 800 сом (бир кишиден) |
| Беш бармак | 720 сом (порция) |
| Курут | 30,5 сом (бир даана) |
| Кымыс | 150 сом (1литр) |



| Экинчи боз үй | |
|---|---|
| Бир түнгө | 900 сом (бир кишиден) |
| Беш бармак | 650 сом (порция) |
| Курут | 45,5 сом (бир даана) |
| Кымыс | 120 сом (1литр) |

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: коомдук
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: таблицадагы маалыматтар менен акчаны эсептөө, рационалдык сандар менен амалдарды аткаруу, салыштыруу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: эксперттик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | ” Биринчи боз үйдө” жана туура түшүндүрмөлөр (чыгарылыштары менен) берилсе:<br>Боз үй  1: 800+720+30,5+2×0,5×150=1700,5<br>Боз үй 2: 900+650+45,5+2×0,5×120=1715,5<br>1700,5<1715,5 |
| 1 | «Биринчи боз үйдө» түшүндүрмөсү толук эмес же эсептөөдөн бир ката кеткен болсо |
| 0 | “Экинчи боз үй “ же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Төмөнкү маалыматты карап, кайсы жээк жөнүндө сөз болуп жатканын аныктагыла.



Бул жээктеги боз үйлөрдүн орточо ижара акысы – 1160 сом

*Туура жоопту тандагыла:*

- Түндүк жээк
- Түштүк жээк

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

## Боз үйлөр шаарчалары

Ысык-Көлдүн түштүк жана түндүк жээктеринде боз үйлөр шаарчасы бар. Ал жерге көп туристтер жана эс алуучулар келип эс алышат.

Сүрөттө түштүк жана түндүк жээктеги он боз үйдүн бир сутка үчүн ижара акысы көрсөтүлгөн.



| | |
|---|---|
| | |
| **Тапшырманын мүнөздөмөсү**<br><br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: белгисиздик жана маалыматтар<br>• Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: туюндуруу<br>• Контекст: коомдук<br>• Деңгээли: орточо (продуктивдүү)<br>• Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо<br>• Баалоо объектиси: сүрөттөгү маалыматтар менен иштөө, сандын арифметикалык орточосун табуу<br>• Максималдык балл: 2 балл<br>• Баалоо жолу: эксперттик | **Баалоо системасы** |

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | "Түштүк жээк" жана туура түшүндүрмөлөр берилсе:<br>1) Түштүк жээктеги боз үйлөрдүн ижара акысынын орточосун эсептеп, 1160 деген маанини алган.<br>2) Түштүк жээк үчүн, түндүк жээк үчүн дагы эсептелген.<br>3) Түндүк жээкте эң эле арзан ижара акы – 1200 экен, ошондуктан орточо ижара акы 1200 дөн кем боло албайт. Демек, түштүк жээк жөнүндө сөз болуп жатат. |
| 1 | " Түштүк жээк", чыгарылышы толук болбой калган же эсептөөдөн бир ката кетсе |
| 0 | "Түндүк жээк" деп берилген болсо же жооп жок болсо |
| | |

**Суроого жооп берүү үчүн оң жактагы таблицаны пайдалангыла.**

***3-тапшырма.***

6 адамдан турган туристтердин тобу бир түнгө боз үйдө калып, кечки тамакка ар бирине бирден «Куурдак» жана 3л кымызга буюртма берүүнү чечишти.
Туристтер үчүн боз үйлөрдүн кайсынысы арзан болот?

**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Боз үйлөр шаарчалары**

Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал– турак жайы. Азыркы учурда Ысык-Көлдө боз үйлөр шаарачасы бар, ал жакка туристтер келип эс алышат.

| | **Боз үйдүн ижара акысы (1 түн үчүн 1 кишиге )** | **Беш бармак (сом)** | **Куурдак (сом)** | **Кымыс 1 литр үчүн (сом)** |
|---|---|---|---|---|
| **Боз үй №1** | 200 | 600 | 500 | 150 |
| | **Акция: «Ар бир алтынчы конок бекер түнөйт жана бекер тамак ичет»** | | | |
| **Боз үй №2** | 100 | 800 | 450 | 120 |

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жергиликтүү
- Деңгээли: жогорку (креативдүү)
- Жооптун форматы: кенен (толук) жооп берүү
- Баалоо объектиси: таблицадагы маалыматтар менен иштөө, натуралдык сандар менен амалдарды аткаруу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Боз үй №2 чыгарылышы менен болсо:<br>Боз үй №2: 6×100+6×450+3×120=600+2700+360=3660<br>Боз үй №1 5×200+5×500+3×150=1000+2500+450=3950<br>3660<3950 |
| 1 | "Боз үй" № 2 жана 3660, чыгарылышы жок болсо. |
| 0 | Башка жооп же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***4-тапшырма.***

Боз үйгө киргенден кийин, адам кайра түндүк жакты карап калыш үчүн канча градуска бурулушу керек?

**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

- ☐ $90^0$
- ☐ $180^0$
- ☐ $270^0$
- ☐ $360^0$

**Боз үй**

Боз үй – кыргыз элинин  улуттук мүлкү, маданияты.  Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан,  көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал –турак жайы.

Кыргыздар боз үйдүн эшиги дайыма чыгыш жакты карап тургандай кылып орнотушкан.  Демек, боз үйгө  кирген адам батышты карап турат.




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана форма
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: ой жүгүртүү
- Контекст: илимий
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: текст түрүндөгү  маалыматтар менен иштөө, градустук чендерди аныктоо
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | $90^0$ жана $270^0$ тандалган болсо |
| 1 | Бир эле туура жооп тандалган болсо: $90^0$ же $270^0$ |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***5-тапшырма.***

Эгерде Азаматтын ар бир кадамы 50 см болсо, боз үйдүн диаметрин (метр менен) тапкыла.

**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Боз үй**

Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал – турак жайы. Кыргыздар боз үйдүн эшиги дайыма чыгыш жакты карап тургандай кылып орнотушкан. В чекитин боз үйдүн эшиги деп эсептейли.

Азамат В чекитинен боз үйгө кирип О чекитине чейин жетти (О чекити боз үйдүн борбору б.а. айлананын борбору) . Ал В чекитинен О чекитине жетиш үчүн 10 кадам жасаган.

Боз үйдүн чиймеси:




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: мейкиндик жана форма
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: илимий
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: текст жана схема түрүндөгү маалыматтар менен иштөө, натуралдык сандар менен амалдарды аткаруу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мзмуну |
|---|---|
| 2 | 10 м чыгарылышы менен болсо:<br>10×50=500 см<br>500×2=1000 см<br>1000 см=10 м же 500см=5 м,<br>5 м×2=10 м |
| 1 | Чыгарылышы жок 10 м же 1000 см деп жазылган болсо |
| 0 | Башка варианттар же жооп жок болсо |